Скырг
У-69

Абдирашит Урбаев

# ЫСЫК-КӨЛ КАЙРЫКТАРЫ



Скырп
У-69

Абдирашит Урбаев

# ЫСЫК-КӨЛ КАЙРЫКТАРЫ

*Ырлар*

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 488506

Бишкек
«Бийиктик» – 2016

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

УДК 82/821
ББК 7-4 Ки 16
У 95

Урбаев Абдирашит.
У 95 Ысык-Көл кайрыктары. Ырлар – Б.: Бийиктик, 2016. – 92 б.

ISBN 978-9967-13-152-9

Колуңуздардагы автордун чакан китепчесине анын ар кыл убактарда жазылган ырлары топтоштурулду.

У470027000100-12
ISBN 978-9967-13-152-9

УДК 82/821
ББК 7-4 Ки 16

© Урбаев А., 2016



## АЛТЫН БУЛАК ЖЫЛУУ-СУУ

Алайдын түпкүрүнөн оргуп чыккан,
Алкынып капчыгайга толуп чыккан.
Жылуу-Суу касиеттүү алтын булак,
Жылгадан дартка даба болуп чыккан.

***Кайырма:***

Дартка даба Жылуу-Суу,
Булактардын улуусу.
Алла Таала тартуусу,
Алайымдын ырысы.

Бир келип кере жутсаң таза абасын,
Онтоткон оорулардан тазарасын.
Мүрөктүн сыйкыр суусун ичкен өңдүү,
Кайрадан учкул куштай жараласың.

Мен үчүн Меккедеги замзам суудай,
Көлдөрдүн көркүн ачкан ал Аккуудай.
Жараткан Алайымда алтын булак,
Миң ирет рахмат сага Алла – Кудай!

*9.03.2002-ж.*
*Ош шаары.*

## АЛА-ТОО АЛТЫН МЕКЕНИМ

Удургуп учуп алыска,
Умтулуп ургаал алыска.
Алгалап элим баратат,
Ааламдык улуу жарышта.

***Кайырма***

Ала-Тоо алтын Мекеним,
Талбасын такыр канатың,
Тамшантып бүткүл дүйнөнү,
Таберик жеңиш жараткын.

Бекемдеп улам катарың,
Көкөлөп көккө калпагын.
Аталар антын аткарып,
Ааламга кетсин атагың.

Түбөлүк тийип күнүбүз,
Шаңданып чыгып үнүбүз.
Бакубат жашап бактылуу,
Шаттыкка толсун үйүбүз.

Ата журт алыс жолдосуң,
Сапарың куттуу оң болсун.
Кыйылып кызыр кыйырыңа,
Кудайым сени колдосун!





## ЖАРАДАР ЖҮРӨКТӨР АЙЫКСЫН

Алам деп ал сени алдады,
Асылып артыңдан ал калбады.
Азгырып бараткан жолуңдан,
Андан соң алдады, албады.

Сүйүүгө башымды ийем деп,
Бир гана өзүңө тием деп.
Бир сулуу мени да алдаган,
Ак нике үйүңө кирем деп.

Жарадар сенин да жүрөгүң,
Жарадар менин да жүрөгүм.
Дартыңан дабалап алсам деп,
Дары издеп табалбай жүрөмүн.

Сен дагы руханий майыпсың,
Мен дагы руханий майыпмын.
Жарадар жүрөктөр биригип,
Жанашып оорудан айыксын,
Жабышкан оорудан айыксын.

*23.02.2001 ж*

## ОТТУУ КУРАК

Тапталбаган талант жолун тансак деп,
Табийгаттын сыйкыр сырын ачсак деп.
Жаратмандар ааламына бет алдык,
Жарык чачкан чыгармалар  жазсак деп.

*Кайырма:*

Оттуу курак, оттуу курак,
Оргуштаган алтын булак.
Ак батаңды бер, Жараткан,
Азоо талант турат туйлап.

Оттуу курак алтын бешик уябыз,
Уябыздан мезгил күүсүн туябыз.
Жаратабыз жаңы рухтуу чыгарма,
Тоодой толкун урунса да урагыс.

Күчкө толуп бозум түлөк канаттар,
Мезгил күтөт  ыйык парзың гана, аткар!
Чыгармачыл чоң сапарга аттандык,
Кошулгула биздин сапка таланттар!





## СЕН БОЛДУҢ МЕНИН КҮЙҮТҮМ

Көзүңө түшүп калсам деп,
Көңүлүң буруп алсам деп.
Көп эле сага тийишем,
Көөнүңдө оттой жансам деп.

Артылып сүйүү күчүнө,
Арбалып сыйкыр күүсүнө.
Тоорула берем толукшуп,
Кирсем деп сенин түшүңө.

Сен бирок мени көрбөйсүң,
Көрсөң да көңүл бөлбөйсүң.
Жадырап-жайнап келсем да,
Түнөргөн түнкү көлдөйсүң.

Сен болдуң менин күйүтүм,
Сүйүүнүн солбос гүлүсүң.
Үйүлсө да үшкүрүк,
Үзүлбөйт сенден үмүтүм.

* * *

Күтүүсүздөн тийген өңдүү чагылган,
Сен өрт болдуң сезимимде жагылган.
Мемиреткен мээримиңен жылынып,
Алыстагым келбейт такыр жаныңдан.

Көздөн учуп көксөттүргөн кучагын,
Көлкүлдөгөн көздөрүңө кусамын.
Кайра-кайра көкүрөгүң аймалап,
Көөдөнүңдү көөдөнүмө кысамын.

Ууртуңа урунганда ууртум,
Токтоно албай көз жашымды куюлттум.
Бүткүл денем кучагыңа көмүлүп,
Бул дүйнөнүн бар жоктугун унуттум.

Болдуң жаным болдуң чаңдуу чагылган,
Караңгыда жарык берип жагылган.
Улам күчөп удургутуп кумарым,
Кереметтүү көрүшүүнү сагынам.





* * *

Сан жылдарда сагынычым үйүлгөн,
Санааларым көкүрөккө үйүлгөн.
Сенин жалгыз жылмаюңдан жазылып,
Сезимдерим селтендеди сүйүүдөн.

Күсөөлөрүм жүргөн мени түтөтүп,
Күкүрт жок күйүп кеттим дүрт этип.
Күлүп-жайнап сунганыңда колуңду,
Күчтөн танып кала жаздым мүрт кетип.

Бүткөн боюм дүрбөлөңдүү дүркүрөп,
Бүртүк ойлор бууракандап бүркөлөт.
Булчуңдарым дүр-дүр этип диртилдеп,
Булчуң-чаңдуу керемет кез күтүлөт.

А сен анда мен тарапка тынч аттап,
Алоолонтуң бекем кыса кучактап.
Сенин ушул мээримиңден өрттөнүп,
Сел агызып ыйлап жаттым бышыктап.

* * *

Сахнада вальс жаңырды, Свиридов,
Бүткүл зал музыкага шимирилип.
Бир-бирин жал-жал тиктеп күлүмсүрөп,
Бийлешти жигит-кыздар чимирилип.

Бүткүл зал чыга түшүп ыраңына,
Берилет музыканын ыргагына.
Кошулуп бийчилердин кыймылына,
Кол чабат ырчылардын ырларына.

Куюндай ушул вальстын кайрыктарын,
Качанкы жаштык кезим эске салды.
Биригип бийлечү элек экөөбүз да,
Байкабай бажырайып аткан таңды.

Бирибиз бирибизге имерилип,
Биз дагы бийлечүбүз чимерилип.
Магдырап махабаттын илебине,
Кетчү элек иримине шимирилип.

Кантебиз ошол күндөр кайтпайт эми,
Бий менен таң агарып атпайт эми.
Кайран вальс кайра-кайра жаңырса да,
Кадыр кеч экөөбүздү таппайт эми...





* * *

Күргүштөнгөн жаштыктын жылдарында,
Күү жаңыртып комуздун кылдарында,
Жараланган сезимди ойготтуң да,
Жан дүйнөмдү дүрбөтүп кыйнадың да.

Күү артынан күү чертип, ырдадың да,
Күйшөп салдың обондор ыргагына.
Бала кезге ээрчитип ала качтың,
Багындырып махабат сырларына.

Баяндалды таарыныч, капалыктар,
Байкоосуздан кетирген к аталыктар.
Сезимдердин сезилбей ууланышы
Мунарасы сүйүүнүн куланышы.

Обон созуп сен даалай ырдадың да,
Ойдолотуп жүрөгүмдү кыйнадың да.
Өзөгүмдү куйуалап өрткө салып,
Өксөп-өксөп өзүң да ыйладың да.

Ыйлап-ыйлап кумарды жазалычы,
Армандардан арылып чачалычы.
Дартка даба болушу ажеп эмес,
Ысык-Көлдүн жээгинде басалычы.

## КЫРГЫЗМДЫН ЖООКЕРЛЕРИ

*Обону Акбарали Тасмаевдики*

Тыңшагыла добулбастын добушун,
Угулгансыйт уулуганы согуштун.
Кандай экен Ала-Тоонун абалы,
Кандай экен ыйык ата конушуң,?

*Кайырма:*

Жериңди басып жоо келсе
Элиңди басып жоо келсе.
Кыраакы туруп чек коргоо
Кыргызымдын жоокери.

Майданга чык курал алып аттанып,
Майтарылбас то бүркүтү аталып.
Кана көрсөт кайратыңды, күчүңдү,
Качсын душман караанындан жалтанып.

Мекениңди канатыңа калкалап,
Шорун кайнат кас душманды талкалап.
Ала-Тонун атак-даңкын чыгаргын,
Баатырдыгың бүт дүйнөгө таркалат.





* * *

Угуп турчу жүрөгүмдүн какканын,
Жүлүнүмдөн кан күргүштөп акканын.
Сен деп күйгөн сезимдерим сезесиң,
Ыссык-Көлгө кетип калган аппагым.

Улам күчөп жүрөк кагат алкынып,
Удургуйт ал сен тарапка талпынып.
Туйлап кетет чыдай албай чыңалып,
Тунук жүзүң көз алдыма тартылып.

Сен угасың сырларымды катылган,
Бир сен үчүн көшөгөсү ачылган.
Күкүктөнүп күсөөлөрүм күтүрөйт,
Толкундардай Тонду көздөй алкынган.

Сен угасың сүйүү дартын буулуккан,
Муңга толгон сезимдерим туюнткан.
Жүрөк сыры нөшөрлөнүп төгүлөт,
Күн нурундай жарып өткөн булуттан.

Мен бүгүн бир жарылайын, угуп тур,
Кулак түрүп сырларыма муюп тур.
Манасчыдай буркан-шаркан түшөйүн,
Сен сүйүүдөн улам сүзүп сунуптур.

*24.05.11*

## ЖАҢЫ ЖЫЛДЫК ТИЛЕК

Кел жаңы жыл жагалданып, жадырап,
Бүт ааламга жарык нуруң чачырап.
Адамзатты салтанатка бөлөгүн,
Жалаң гана жакшылыкты бөлөгүн.

Кел жаңы жыл Ала-Тоону шаңдантып,
Жетелешкен он эки атың жаңдатып.
Тосуп алсын тойлоп кыргыз элибиз,
Берекелүү дасторконун жайнатып.

Аруу, асыл максаттарга жетсем деп,
Замандын зор милдеттерин чечсем деп.
Күлүктөрдөй алга карай умтулат,
Бүт элибиз биримдигин бекемдеп.

Дыйкандардын толо болсун кырманы,
Ырчылардын учкун болсун ырлары.
Жалаң гана жакшылыкты Туу тутуп,
Адамдардын таза болсун ыйманы.

Ошондо биз жүзөгө ашып эңсөөбүз,
Орошондуу жеңиштерге жетебиз.
Очорулган оорулардан арылып,
Оргуп, оргуп алга умтулат өлкөбүз.

*21.12.09*





## НИКЕЛЕП АЛЫП КЕТЕМИН

Отуна күйүп сүйүүнүн,
Ойдолоп оргуп үмүтүм.
Жолукчу жерден жол тосуп,
Жоктоймун сени күнү-түн.

***Кайырма:***

Сагынттын, келбедин сен,
Зарымды сезбедиң сен.
Бары бир сага жетемин,
Никелеп алып кетем.

Сагыныч күчөп саргардым,
Сазына батып санаанын.
Сары оору дарттан айыкан,
Салтанат күндү самаймын.

Жашыргын мейли сырыңды,
Укпай кой мейли ыйымды.
Кайрадан күтүп жол тосуп,
Арнаймын сага ырымды.

* * *

Мээримиңди төгүп таштап нөшөрдөй,
Каптап кеттиң кайнап турган вулкандай.
Акыл жеткен бир чен менен өлчөнбөй,
Болдуң мага жер титиреп булуккандай.

Селдей каптап жан дүйнөмдү мээримиң,
Алып кетти бууракандап агызып.
Кан тамырга куюп жаттың сезимиң,
Ууртуңдан тамчылатып тамызып.

Бүт жан дүйнөм мээримиңе чайылып,
Какап калдым жута албастан жалының.
Күтүлбөгөн кубанычтан калтаарып,
Кайра-кайра караанына жалынып.

Мени эргитип канат бердиң, шык бердиң,
Кеттим, жаным, кең мейкинге көкөлөп.
Сезимиңди жан дүйнөмө жык бердиң,
Бактыбызды бапестейли экөөлөп.

*2007-жыл*





## ЖЕЛ КАЙЫК

Жел кайык турат томсоруп,
Жээгинде Көлдүн токтолуп.
Жалдырап жардам күткөнсүйт,
Жанында бир жан жок болуп.

Топ тобу менен түрүлүп,
Толкундар келсе сүрүлүп.
Шаттанып тосуп алгансыйт,
Шамалдуу түнгө сүйүнүп.

Дал ошол жалгыз кайыктай,
Ырдалбай калган кайрыктай.
Күтөмүн сени күнү-түн,
Дартымдан такыр айыкпай.

Дарттарым жабык чачпагын,
Жолукпай менден качканың.
Алыстан сырлуу жылмайып,
Сырыңды такыр ачпадың.

Кайыктай мен да томсоруп,
Күтүүдөн күйдүм от болуп.
Сен жактан такыр кабар жок,
Санаага баттым сомсоюп.

Неликтен сулуу качасың,
Колумду бирок какпайсың,
Азапка салып ойлонтпой,
Сырыңды качан ачасың.

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 488306

## ЖАЛГЫЗБОЙ БОЙДОН КАЛБАГЫН

Кызыл нур чачып асманга,
Кызарып чок Күн батканда.
Күмүш чыктың күлмүңдөп,
Күн чубак болуп жаш жанга.

Булутсуз ачык асманда,
Жылдыздар нурун чачканда.
Айга окшоп чыктың ачылып,
Айчубак болуп жаш жанга.

Сан жигит сени самашып,
Жан сырын айтат жаалашып.
Жүрөгүн ала чуркашат,
Жүз кыздан сени талашып.

А бирок бирин карабай,
Айтканга бир сөз жарабай.
Апаңды эрчип кетесин,
Алардын жаны жаралай.

Тандагын мейли, тандагын,
Жигиттин гүлүн жандагын.
Жаратпай жүрүп а бирок,
Жалгызбой бойдон калбагын.

*2007-жыл*





## ТОЛКУНДАРДЫН КЕРБЕНИ

Кербендеги төөлөрдүн өркөчүндөй,
Азоолорчо жал- куйругу сапырылып.
Алыстагы мухиттер өлкөсүндөй,
Баратышат токундар атырылып.

Урунарга тоо таппай жулунушат,
Урушаарга жоо таппай күркүрөшөт.
Жолуккандын баардыгын сугунушат,
Көрүнүшу денеңди дүркүрөтөт.

Күч жок сымал толкундар кербениндей,
Кол көтөрүп бардыгы  багынышты.
Ал алаамат ажыдаар чеңгелиндей,
Издейт  кайра капсалаң кагылышты.

Каңылжаарын кычытып кандын жыты,
Калкагар тоо бооруна кагылышты.
Талкаланып талкандай жаны чыкты,
Көл да тынчып чырактар жагылышты.

*2007-жыл*

## ЖАРАЛАНГАН ЖҮРӨК

Жаш кезимде жараланган жүрөгүм,
Жабырланат табалбастан түгөйүн.
Жадыраган жазгы күнүм кыш болуп,
Жалгыздыктын азабында жүрөмүн.

Жараланган жүрөк өртү жалбырттап,
Жалгыз калган ак чардактай чабыттап,
Өмүр бою күтүп жүрөм өзүңдү,
Үмүттөрүм бир жакындап, алыстап.

Коңур үнүм алда качан муң баскан,
Аруу сезим зилге айланып уу баскан.
Гүлгүн жаштык ыракаты сезилбей,
Гүл жайноочу бетегемди кум баскан.

Күчөп барат жүрөгүмдүн жарасы,
Күүлөнө албай өмүрүмдүн парасы.
Күңүрттөнөт жашоо берчү жарык күн,
Күйүтүмдүн табылбастан чарасы.

Жалгыз сенде бүткүл күдөр, үмүтүм,
Жалгыз сенсиң кубаныч же күйүтүм.
Жалгыз калган көл жээгинде чардактай,
Жаным сени күтүп жүрөм күнү-түн.

Угасыңбы муңга баткан үнүмдү,
Жарык кылып күүгүм баскан күнүмдү.
Даярсыңбы кылчактабай кетүүгө,
Кыркып таштап түпөйүлдүү түйүндү.

*01.12.2007 жыл*





* * *

Ошол күндөр болду мага жомоктой,
Океанда күйүп жаткан чоң оттой.
Сыбызгыдай сызгырылттың жанымды,
Сыйкырыңды сактаптырсың жоготпой.

Селдей каптап бүт тулкумду мээримиң,
Сезимимди сендиретти эриниң.
Бир заматта болоттон бек чыңалып,
Бир заматта коргошундай эридим.

Сен өзгөчөң сулууландың ачылып,
Мемиреткен мээримдериң чачылып.
А мен жаттым жетине албай бактыма,
Сезимдерим фонтан болуп атылып.

Оо, ал күндөр кайталангыс жомоктой,
Чокко айланткан таштарды да чоң оттой.
Түбөлүккө бизди жандап жүрсө экен,
Ушул сыйкыр касиетин жоготпой.

*01.12.2007 жыл*

* * *

Күнү-түнү эси-дартым Көлүндө,
Күлүмсүрөп сен турасын көңүлдө.
Чабалактап уктай албай ойлоном
Биз жолукчу куттуу күндөр жөнүндө.

Күнү-түнү көз алдымда элесиң,
Сезимимди жалгыз өзүң ээлейсиң.
Сырлуу тиктеп делебемди козгойсуң,
Перилердей жашырышкан денесин.

Ал ан сайын күсөөлөрүм күтүрөп,
Сезимдерим келет улам күчтүүрөк.
Жалт-жылт этет үмүтүмдүн оттору,
Сен тараптан бир укмуштар күтүлөт.

*01. 12. 07.*





* * *

Сен жөнүндө ойлош кандай ыракат,
Сезим козгоп жан дүйнөмдү жыргатат.
Чөгүп турган көңүлүмдү көтөрүп,
Удургуган илхам берип ырдатат.

Көзгө элестеп жалын чачкан жамалың,
Сай талдардай самсаалаган саамайың.
Бүркүт сымал шаңшыйм бийик көкөлөп,
Эңсеп издейм махабаттын ааламын.

Көзгө элестеп көкүрөгүң көктөмдөй,
Көздөрүңдөн кумарланып өпкөндөй.
Ысык-Көлдүн толкунундай толкуйм да,
Ырлар жазам нөшөр жамгыр төккөндөй.

Бирок, жаным, күсөөлөрүм бөксөрбөй,
Күчөйт кайра жазда толгон өстөндөй.
Күкүртү жок күйүп кетем жалындап,
Бүт денемден электир ток өткөндөй.

Сен жөнүндө ойлош кандай ыракат,
Сезим козгоп жан дүйнөмдү жыргатат.
Түбөлүккө күйө туган от берген,
Жаным сага миң бир ирет ыракмат!

*16. 01. 08*

*   *   *

Көздөн учат көктөм сымал саамайың,
Саамайыңды сыласам деп самаймын.
Ээликтирип жолугушуу мүдөөсү,
Кашаң жылган күндөрдү улам санаймын.

Уккум келет жылаажындай үнүңдү,
Көргүм келет нур  тамызган жүзүңдү.
Тыңшап туруп жүрөгүңдүн кагышын,
Сезгим келет сенин аруу сүйүүңдү.

Кыналышып көлдү бойлоп бассам дейм,
Көңүлүңө лаззат отун жаксам дейм.
Сен деп күйгөн сезимимди  фонтандай,
Көкөлөтүп көөдөнүңө чачсам дейм.

Кусаландым кучагыңды сагынып,
Жол караймын каректерим карыгып.
Ак чардактай издеп жүргөн түгөйүн,
Жолугушар күндү күтөм зарыгып.

*17. 01. 08.*





*   *   *

Көздөн учат көктөм сымал саамайың,
Саамайыңды сыласам деп самаймын.
Ээликтирип жолугушуу мүдөөсү,
Кашаң жылган күндөрдү улам санаймын,

Уккум келет жылаажындай үнүңдү,
Көргум келет нур тамызган жүзүңдү,
Тыңшап туруп жүрөгүңдүн кагышын,
Сезгим келет сенин аруу сүйүүңдү.

Кыналышып көлдү бойлоп бассам дейм,
Көңүлүңө лаззат отун жаксам дейм.
Сен деп күйгөн сезимимди фонтандай,
Көкөлөтүп көңдөнүңө чачсам дейм.

Кусаландым кучагыңды сагынып,
Жол караймын каректерим карыгып.
Ак чардактай издеп жүргөн түгөйүн,
Жолугушар күндү күтөм зарыгып.

*17.  01. 08.*

* * *

Көл дегенде Канышайды түшүнөм,
Улутунуп үч күн, үч түн үшкүрөм.
Армандарым жүрөктү өйүп уктатпайт,
Ойгономун чочуп кетип түшүмөн.

Көл жээгинде качыргамын кушумду,
Кала берип түйгөн бойдон мушумду,
Тил эмизип жүрө берип какшаткан.
Тагдыр, сенин жакшылыгың ушулбу?

Кала бердим чыйырчыктай чыркырап,
Сенек болдум сезимдерим тыркырап.
Каңгып калдым кең ааламда жапжалгыз,
Саратанда мага ызгаар ыркырап.

Жалгыз калдым жалдыраган күкүктөй,
Түгөйүнөн ажыраган бүркүттөй.
Барган сайын өчүп барат өрттөрүм,
Ээн журтта кала берген күкүрттөй.

Көл дегенде Канышайды түшүнөм,
Улутунуп үч күн, үч түн үшкүрөм.
Сүйгөнүмдүн аппак жүзү элестеп,
Ойгономун улам чоочуп түшүмөн.

*21. 01, 08.*





* * *

Кычыраган кыйык кыштын кечинде,
Бороон кучөп ушул турган кезимде,
Телефондон сенин үнүң угулуп,
Чаң-тополоң түшүп калды сезимге.

«Өтүп барып Ысык-Көлдүн жээгинен,
Өбөм, – дедиң – бетиңдин беш жеринен,
Кумарланган кучагыңа жыгылып,
Сендик болом түбөлүккө эми мен».

Ар бир сөзүң жалын чачкан чок болуп,
Үшүп турган денем күйөт от болуп.
Туйлап кеттим туталанган тулпардай,
Сезимдерим сен тарапка октолуп.

Чилде мага болду нагыз саратан,
Сага арналган туйгуларды жараткан.
Урагандай учуп-күйүп бороондо,
Утурулап жолуң тосуп баратам

*29. 02. 08.*

* * *

Мен сүйбөсөм ыр жазалбай каламын,
Сөз табалбай колдон түшөт каламым.
Сагындым деп сүйлөп койсоң бир эле,
Канат бүтүп кайра ачылат арааным.

Сүйүүм керек кышын-жайын, күнү-түн,
Бут өмүрүм арнайм аруу сүйүү үчүн
Мен даярмын отко-чокко түшүүгө,
Ак сүйүүнүн чыдап тартам күйүтүн.

Сен бир гана сүйөмүн деп айтып кой,
Сезимиңдин учкунунан чачып кой.
Көздөрүңдүн көшөгөсүн жапсаң да,
Көөдөнүңдүн паранжысын ачып кой.

Ошондо мен эргип учуп кетемин,
Эң бир бийик чокуларга жетемин.
Октурулуп көктү көздөй оргуштап,
Поэзия дарыясын кечемин.

Сүйүүгө бек периштедей мактаймын,
Суктандырган жамалыңды даңктаймын.
Сезимиңди түк калтырбай шимирип,
Жүрөгүмдүн тереңине сактаймын.

*03. 07. 08.*





* * *

Уйкунун босогосун чабал аттап,
Удургуйм уктай албай чабалактап.
Кыялдын кыйырында калкып жүрөм,
Кыяндай жапан ойлор жабалактап.

Жалгыз сен көз ирмебей ойлогонум,
Жароокер жүзүңдү эңсей толгономун.
Жанаша басып жүргөн күндөрдү эстеп,
Жаныңа жеталбастан ойдолоймун.

Арзыткан алыстагы ак маралым,
Ан сайын күчөйт сен деп чаңкаганым.
Элестеп балдан таттуу эриндериң,
Ээлигип күсөөм күчөп тамшанамын.

Түн бою сен жөнүндө кыял каптап,
Түйшөлөм уктай албай чабалактап.
Кылчактап карайм улам Көл тарапты,
Кыяндай жапан ойлор жабалактап.

*80. 06. 08.*

* * *

Билсем да жаным мени сүйөрүңдү,
Мен үчүн оттой жанып күйөрүңдү,
Алдыңа келдим бүгүн ат арытып,
Жүгүнүп сураганы жүрөгүңдү.

Мен – Мажнун сүйүү издеген дубанамын,
Апкелдим сезимимдин ураганын.
Чөгөлөп бут алдында таазим этем,
Жүрөгүң менен колуң сураганым.

Жан биргем акыреттик жарым болчу,
Бош калган конолгомо кайра кончу.
Сураймын колуң менен жүрөгүңдү,
Көрк берип коюнума кайра толчу!

Чөк түшүп чөгөлөйүн кулдук уруп,
Акының тургузуп ал колуң сунуп.
Ак жолтой, акыреттик жар бололу,
Кудайдан куттуу курак өмүр буйруп.

*05. 07. 08.*





## ТАГДЫР МЕНЕН ТАЙМАШУУ

Тагдыр, мынча таш боор болдуң жүзүң үйрүп,
Терс бурулдуң эриниңди тетир түйрүп.
Тосуп салдың сүйгөнүмө барчу жолду,
Тойбой калган кандек сымал арс-арс үрүп.

Үңүлдөтүп өчүрбөчү үмүтүмдү,
Үтүрөйүп алдырбастан үлүшүмдү.
Арсыз тагдыр, ырдатпачы арманымды,
Азаптантып күчөтпөчү күйүтүмдү.

Бошот жолду тууралanып кесир болбо,
Болот кылыч, найзамды алдым бүгүн колго.
Бактым үчүн жан аябай салгылашам,
Бата берип касиеттүү Кызыр колдо!

Барам бөтөн Ысык-Көлдүн чүрөгүнө,
Кусаланып мени күткөн сүйгөнүмө.
Астанасын аттаймын да жыгыламын,
Башым жөлөп мен деп каккан жүрөгүнө.

*20. 01. 08.*

* * *

Эс-акылым билбей чылгый мас болдум,
Ал адатка маашырланып маш болдум.
Элегине элдин койбой чүчкүрүп,
Жүрөм жортуп оң-солунда таш жолдун.

Эске түшүп элебестик жаштыгым,
Күндүр-түндүр түк таркабайт мастыгым.
Теңселемин тентек ойлор жетелеп,
Тездеп согуп жүрөк деген баштыгым.

Жок, алтыным мас болбодум арактан,
Алыстагам андай кокуй адаттан.
Тартып кеткен бүт сезимим иримге,
Сүйүүң болду жан дүйнөмдү чаңдаткан.

Сен тартуулап сүттөй таза сүйүүңдү,
Сүрүп салдың мени орогон күүгүмдү.
Кайтардың да кумар толгон жаштыгым.
Жазга айлантып күңүрттөнгөн күзүмдү.

Мен мас болдум сезимиңдин күчүнөн,
Күтүрөгөн махабаттын күүсүнөн.
Эндиретип эбегейсиз күч келет,
Көнөктөгөн көкүрөгүң үрпүнөн.

Жашай берсин түгөнбөгөн мастыгым,
Жайнай берсин кайра кайткан жаштыгым.
Күнү-түнү сен деп соккон дүкүлдөп,
Жашай берсин жүрөк деген баштыгым!

*28. 09. 08.*





## КАЙТСАҢЧЫ ЖАШТЫК КАЙРАДАН

Кылчактап артым карасам,
Кыялым учат канатчан.
Кырчындай кезим элестеп,
Кыргыек болуп баратам.

Алыстан элес көрүнөт,
Ак таңда жүргөн эрүүлөп.
Кайрылбас жаштык кезди ойлоп,
Көзүмдөн жашым төгүлөт.

Өкүнөм өткөн өмүргө,
Көп жылдар кеткен төгүнгө.
Чыркырайт жүрөк чыдабай,
Чыныдай сынган көңүлгө.

Кайтсаңчы жаштык кайрадан,
Шарактап шаңдуу кайнаган.
Көпүрөө болуп берейин,
Бери өтчү мезгил – дайрадан.

Айтылбай калган сырлар бар,
Ырдалбай калган ырлар бар.
Кайрадан оңдоп жашоочу.
Камгактай өткөн жылдар бар.

Кайрадан бирге басалы,
Кайрадан ашып-ташалы.
Жаңылып кадам таштабай,
Жалындап кайра жашайлы.

## ЫСЫК-КӨЛ БОРООН БОЛГОНДО

Алай-дүлөй туралгыстай жан чыдап,
Ак толкундар өзүн-өзү камчылап.
Маңдайдагы зоокаларга урунуп,
Майдаланып тамчылары жанчылат.

Анан кайра көктү сермейт алкынып,
Азоолонуп Күндү көздөй талпынып.
Аккуласы сыяктанып Манастын,
Албууттанат көбүктөрү чачылып.

Өжөрлөнүп, өркөчтөнүп ашыгат,
Чагылганды чалкасынан аргындап.
Тоону көздөй учуп жөнөйт удургуп,
Аскаларга атаандашып барчылап.

Жаңы ачышкан арстандай күркүрөп,
Жаалданып көбүктөрү бүркүлөт.
Көтөрүлүп улан менен алышып,
Көл кылаасы көпкө турду дүркүрөп.

Алай-дүлөй туралгыстай жан чыдап,
Ак толкундар учат жээкке жакындап.
Алыстагы аскаларга урунуп,
Алы салып талкаланып жанчылат

*26. 07. 07*
*Чолпон-Ата .*





* * *

Кумарлантып сыйкыры бар кучагың,
Кучагыңа жете албастан кусамын.
Мажнун өңдүү эрме чөлдө зарыккан,
Жарык маанай жүзүңдү эңсеп суусадым.

Көзгө элестеп жарык чачкан жамалың,
Көксөттүргөн көкүрөгүң самадым.
Жолуктур деп сүйгөнүмө тезирээк,
Жаратканга кайра-кайра жалбардым.

Таң атса да көктө жылдыз бириндеп,
Мага мезгил өткөндүгү билинбейт.
Көз ирмебей чабалактап жатамын,
Көксөөлөрдүн бүткүл денем дирилдеп.

Аңсаттырган ак булуттай алкымың,
Азоолонуп сени көздөй алкындым.
Кууратпастан кумарымды күчөтүп,
Кусалыктан арылта көр алтыным.

*24. 07. 07.*

* * *

Көйкөлүп көрүнүшүң ак кайыңдай,
Көбүрүп көкөмерен ак кайыңдай.
Көрктөнүп жарк дей түштүң жагалданып,
Көктөмдө таң агарып атканыңдай.

Буралып толгон айдай ачылыпсын,
Бүрдөгөн кези өңдөнүп тал-чыбыктын.
Дүрбөлөң салып бүткүл жан дүйнөмө,
Делебем козгоп кетти атыр жытың.

Тиктесем табышмактуу күлүмсүрөп,
Сезимиң жаткансыдың сүйүнчүлөп.
Дүрт этип ошол замат жанып кеттим,
Көөдөнүм күтүрөткөн сүйүүм күчөп.

Алтынным, ачылыпсың ак кайыңдай,
Агарып сүйүү таңы атканындай.
Жүткүнгөн жүрөгүмдү алчы, жаным,
Калбасын аруу тилек аткрылбай.

Жараткан ачып койсун жолубузду,
Түбөлүк бириктирип колубузду.
Алпештеп акыреттик сүйүүбүздү,
Табалы чоң турмуштан ордубузду.

*05.07.09*





* * *

Көз алдымдан кетпей такыр элесиң,
Жан дүйнөмө жай калтырбай ээлейсиң.
Сени эңсеген сезимдерим козголоп,
Кайра -кайра күлүмсүрөп келесиң.

Көзгө элестеп салаалаган саамайың,
Алоолонуп ак денеңди самаймын.
Жолугушар күндү күтүп чыдамсыз,
Күндөрдү эмес ар бир саатты самаймын.

Сени эңсеген күсөөлөрүм тоо болот,
Сезимдерим дир-дир этип козголот.
Булчуңдарым улум-улам чыңалып,
Аргымагым тынчы кетип ойдолойт.

Оо алтыным калдым такыр чыдабай,
Туралбаймын сага өзүмдү кынабай.
Аччы жаным кучагыңды тезирээк,
Күүгө толгон сезимиңди сынабай.

Сен тарапка бүркүт сымал учамын,
Айтчы жаным аңсаттырган кучагың.
Бейиш өңдүү беттериңден өпкүлөп,
Сени качан кучагыма кысамын?

* * *

Тамылчыган нур тамызып жүзүңдөн,
Табышмактуу көз карашың сүзүлгөн.
Тамшандырып тартып алып өзүңө,
Таттуусуң сен бейиштеги жүзүмдөн.

Карап койсоң кашың кагып күлмүңдөй,
Көрккө толгон тоонун кызыл гүлүндөй.
Кантип анан мен тулпардай туйлабайм,
Кантип анан жүрөк калсын бүлүнбөй.

Будуң -чаңга түшүп түгөл бөлүнөм,
Буура сымал бууракандап түйүлөм.
Буйлаланып карыш жылбай жаныңдан,
Бурганактап үстүңө үч үйрүлөм.

Өзүң болуп менин ыйык урааным,
Өчпөс сүйүү добулбасын урамын,
Акыреттик жарым бол деп суранам,
Алоолонгон жүрөгүмдү сунамын!

*22.10.08*





* * *

Түшүмдө сен атлес көйнөк кийинип,
Осмо койгон каштарың чылк чийилип,
Суктандырып сулуу болуп алыпсың,
Татынакай тал чыбыктай ийилип.

Краңгыда чыккан айдай крааның,
Жарк дей түштү жанга сүйкүм жамалың.
Оттой жанып ойноктогон көздөрүн,
Күлүп жайнап мен тарапты карадың.

Ошол замат көңүл көккө көкөлөп,
Оргуп кеттим өтмө катар өнтөлөп.
Учуп-куйүп кетип барып жаныңа,
Таазим этим тааризденип чөгөлөп.

Сен ийилип колдон тартып тургуздуң,
Анан көптөн күткөн сөзүң угуздуң:
«Ак никелеп алып кеткин айылыңа,
Ушул сага берээр жообум, сунушум».

Ошол замат кучагыбыз жазылып,
Сайран курдук көөдөндөргө асылып.
Карангылай түштү менин көздөрүм,
Сен селт эттиң саамайларың чачылып...

*14. 10. 08*

* * *

Сенин сүйүүң жапжаш бойдон арчадай,
Сезимдериң кырк жыл бою таркабай .
Жүрөгүңдө бекем сактап жүрүпсүң,
Күмөн толгон күтүүлөрдөн чарчабай.

Сенин сүйүүң бурганактап кайнаган,
Жазгы гүлдөй жабалактап жайнаган.
Жүрөгүмдү өрттөп кетти жалындап,
Жаш кезекти эске салып кайрадан.

Жаштык күндөр көз алдыма тартылып,
Элестеттим келбетиңди тал чыбык.
Калса экен деп ошол кездер кайрылып,
Кайран жүрөк алып учат талпынып,

Мейли, мейли жаштык кезек кайтпасын,
Өткөн күндөр ачпас эми капкасын.
Жараткандан сураналы жалбарып,
Ал сүйүүбүз эми кайра качпасын.

Ашуу ашып бараткандa жашыбыз,
Кайра келди зарлап күткөн бактыбыз.
Түбөлүккө бир бололу кыналып,
Аткарылып аруу тилек антыбыз!

*08.10.08.*





* * *

Бир кезде бирге окуган уялашым,
Майрамда катар баскан ураалашым.
Чакырсам чай ичкенге чаңкай түштө,
Баш чайкап күлүмсүрөп унабайсын.

Билимге бирге аттанган уялашым,
Бийлердин көркүн аччу удаалашым.
Серүүндөп бир басууга макул болбой,
Сен эми тартынасын, уяласын.

А бирок сезимдерин сезип турам,
Жүзүңдө сырлар жатат уютулган.
Жаштыкты элестетип жаткансыйсың,
Жылдыргы кайра кайтып унутулган.

Жүзүңдөн жүрөгүңдүн отун сездим,
Жүлүнүм өрттөп ийди оттуу сезим.
Оргуштап туйгуларым сага арналган,
Ойдолоп окурандап турган сезим.

Бир кезде бирге окуган уялашым,
Оюбуз эгиз болгон ураалашым.
Сен эми неге бирге басалбайсын,
Сен эми не себептен уяласын?

*05.10.08*

* * *

Кудайлап эптеп чыдап үч уктасам,
Кутман күн таңы менен үч аттасам.
Кырчоолоп кытыгылуу кымча белиң,
Кудундап каныш менен кучакташам.

Арзыткан ак дененден өпкүлөйүн,
Алкынып өүрүштөйүн өрт түнөгүм.
Аңсаткан атыр жытың канбай жыттап,
Алтыным койнуңду ач деп өтүнөмүн.

Жанымды жай алдырбай сагынганым,
Жалбарам, жагалданам, жалынамын.
Жароокер сөздөрүмдүн баарын айтып,
Жаныңда жалын болуп жалынамын.

Үлпөттүү үмүт менен үч уктасам,
Үндөшүп таңды тосуп үч аттасам.
Үстүңө үйүрүлүп түшө калып,
Үтүрү, чекити жок кучакташам .

*25.10.08.*





## ЭНЕЛЕР АРТЫК ААЛАМДАН

Уйку бетин көрбөстөн күнү-түнү
Багыштаган балага улуу күүнү.
Ак бешигин терметип алдей айтып,
Жаңырууда эненин алтын үнү.

Бапестеген балдарын өмүр бою,
Ойго келбей өзүнүн жашоо доору.
Дүйнө жүзүн сел алып жатса дагы,
Балдарында эненин бүткүл ою.

Энекемдин эмгегин кантип баалайм,
Андай кымбат дөөлөттү кайдан табам?
Уйку көрбөй өткөргөн бир түнүңө,
Тартууласам тең келбейт бүткүл аалам.

Аздык кылат бутунан өпсөм дагы,
Өмүр бою көтөрүп өтсөм дагы.
Баш тартсам да жашоонун жыргалынан,
Дүйнө мүлкүн алдына төксөм дагы.

Энекемдин эмгегин кантип баалайм,
Андай кымбат дөөлөттү кайдан табам?
Уйку көрбөй өткөргөн бир түнүңө,
Тартууласам тең келбейт бүткүл аалам.

## СУЛТАН МЕНЕН КАНЫШАЙДЫН СҮЙҮҮСҮ

Мындан бир нече жыл мурда, май айынын күндөрүнүн биринде мен иштеген «Вечерний Бишкек» гезитинин Оштогу офисине менин эски таанышым, түштүк борбордогу университеттердин биринин профессору келип калды. Биз өлкөбүздөгү абал, саясат, журналистик иш, адабият жөнүндө сүйлөшүп бир топ олтурдук. Андан кийин профессор портфелинен калың дептерди алып чыкты да: «Бул менин студеттик жылдардан бери жазып жүргөн күндөлүгүм. Окуп чыксаңыз мүмкүн сиздин адабий чыгармачылыгыңызга материал болуп калаар», – деди да, коштошуп чыгып кетти.

Күндөлүктү мен бир дем менен окуп чыктым. Анын негизин профессордун сүйүүсү түзүптүр. Көрсө, илимпоз өз сүйгөнүнө жетпей калган экен. Сүйлөшүп жүргөн ысык-көлдүк Канышай аттуу кызды ошол эле Көлдүк бирөө ала качып кетиптир. Султан да үй-бүлөлүү, бала-чакалуу болуп, докторлук диссертациясын жактап, турмушта жакшы эле ийгиликтерге жетишиптир. Бирок, биринчи сүйгөнү Канышайды такыр эле унута албай коюптур. Мына ошол таң калаарлык сүйүү күндөлүгүнүн негизинде





«Султан менен Канышайдын сүйүүсү» деген ырлар топтому жазылды. Түшүнүктүү себептер боюнча экөөн тең аттары өзгөртүлүп жазылганын да айта кетүү керек. Анткени, жашоо сүйүүгө эле такалып калбайт да. Адам деген кандай оор шарттарга туш келсе да үй-бүлөлүк турмушун улантуу керек эмеспи. Эмесе, окурман, сизге ошол табышмактуу ырларды сунуштайм.

*Автор.*

## УДУРГУГАН ТОЛКУНДАР

Ысык-Көлдүн толкундары үйүлүшүп,
Удургушат катар-катар түрүлүшүп.
Дүңгүрөшөт азоолордун дүбүртүндөй,
Күңгөй жактан Тескей бетке сүрүлүшүп,

Уйгу-туйгу чачыраса көбүктөрү,
Элестетет гүлдөп турган өрүктөрдү,
Жыйылышып жыргалаңга баратышса,
Эске түшөт  жылкы үйүрү өрүштөгү,

Күчүн топтоп жаткан өңдүү жыйылышып,
Жыландардай октос берип жыйрылышып,
Жаңы чабуул башталышын күтүшкөнсүйт,
Кылчакташып бир-бирине кыйылышып.

Ак толкундар мына кайра көтөрүлдү,
Айбат менен дүрүлдөшөт өктөм үндүү.
Асманга тик окторулуп келатышат,
Айыктырсам дегенсишип көктө күндү.

Тээ алыстан келет алар улуп-уңшуп,
Тэскейдеги жээктерге жулунушуп.
Таңдангансып тардырдын эң өкүттүүсүн,
Талкаланат аскаларга урунушуп.

*2007*





## ЖОЛУГУШУУ КУМАРЫ

Эриниме тиер замат эриниң,
Жан дүйнөмдү каптап кетти мээримиң.
Чыдай албай сезиминдин өртүнө,
Домнадагы болот сымал ээридим.

Ачылганда атыр жытту кучагың,
Атырылды фантандары кусамын.
Көздөн учкан көкүрөгүң аймалап,
Көөдөнүмдүн отторунан тутандым.

Бүткүл денем күйүп жатса жалындап,
Сагынычым кыян болуп чайылат.
Сага болгон сезимдерим  чачылып,
Жүрөгүмдүн терээңинен жаңырат.

Камдап келген сөздөрүмдү айта албай,
Кумар оту күчөйт кайра, таркабай.
Кучгында тура бердим теңселип,
Эринимди эриниңден  тарта албай.

*2007*

* * *

Эчен күндөр эс алсам да Көлүңдө,
Көл көркү эмес, сен турасын көңүлдө.
Кайра-кайра жаштыкты эстеп ойлоном,
Арман толгон ак сүйүүбүз жөнүндө.

Аккуу көрсөм окшоштурам өзүңө,
Көкмөк Көлдү салыштырам көзүңө.
Ак толкундар ак денеңди эстетип,
Арзуу толгон ойго чумкуйт көшүлө.

Эске түшөт жаштык күндөр жалындай,
Эч кайрылбас өмүрүмдүн жазындай.
Жалгыз ирет берилүүчү пендеге,
Жарыктыкта өмүр сүрчү жанындай.

Түшөт эске сүттөй таза сүйүүбүз,
Түбөлүк деп кол алышкан күнүбүз.
Көшөгөсүн сыйрып таштап жылдардын,
Көл жээгинен угулгансыйт үнүбүз.

Угуп жатам кейиш толгон сөзүңдү,
Көргөнсүймүн жаш чууруткан көзүңдү.
Караандардын арасынан байкаймын,
Көл жээгинде жапа чеккен өзүмдү.





Тагдыр буйруп көздөн учкан Көлдөмүн,
Кереметин бирок анын көрбөймүн.
Эси - дартым сен тарапка бурулган,
Сен болбосоң мен сөңгөксүз көңдөймүн.

Эчен күндөр эс алсам да Көлүңдөн,
Көл көрк эмес, сен турасын көңүлдө.
Өткөн өмүр көзгө элестеп ойлоном,
Арман толгон ак сүйүүбүз жөнүндө.

## СӨЗ ЗЕРГЕРИ

***Аман Саспаевге***

Геологдор кумдан алтын тапкандай,
Саяпкерлер күлүктөрдү баккандай.
Асманынды караңгылык каптаса,
Жарык берип өчпөс отту жаккандай.
Орошондуу Аман ага таланты,
Оргуштаган сөз дайрасы аккандай.

Кумдан иргеп сөз берметин тандаган,
Күүлөгөндө күлүктөрдөй талбаган.
Новелладан шедеврлер жаратып,
Залкарлардын зор кербенин жандаган.
Зергерлердей өз өнөрүн өрчүтүп,
Кечээкиге бүгүн кайра канбаган.

Илхам келсе калат өзүн тыя албай,
Албууттанат атырылып кыяндай.
Сөз ташкыны каптап кетип, окурман,
Эсенгиреп калат эсин жыя албай.
Аман ага күчөй берет ансайын.
Аалам кезип ала качкан кыялдай.

Альпинистер чокуларга чыккандай,
Балбан билек атаандашын жыккандай.
Жорголордой басыгынан жазбаган,
Жалындардан жалтанбаган сырттандай.
Аман ага улант ургаал сапарын,
Ала-Тоодон алыс кетсин атагың!





## СООДАГЕРЛЕР ГИМНИ

Бисмилла деп бүгүн ишти баштадым,
Күбөөсү бол кут белгиси баш баанын.
Соодалашып токтолобуз наркына,
Алаарманым, чочубагын, качпагын.

***Кайырма:***

Бирден тандап, чоттоп ал,
Бизнес кылсаң оптом ал.
Бул дүкөндөн табылат,
Башкаларда жок товар.
Бул комоктон табылат,
Баш калаада жок товар.

Бизде дайым башкалардан арзан баа,
Биздин товар ак жол ачат алганга.
Жылуу сүйлөп жылтыраса сыртынан,
Алаарманым, азгырылып алданба.

Биздин товар бүт дүйнөдө дефицит,
Үлгүрүп кал дефицитке жетишип.
Күмөнсүрөп күймөлбөстөн алып кал,
Бакыт келсин буюмга бул ээрчишип.

*2007*

## САГЫНЫЧ

Сагындым жаным жамалың эңсеп,
Сагынткан жүзүң күн сайын эстеп.
Жуткунсө жүрөк жүгөнүн үзүп,
Жүрөмүн араң өзүмдү чектеп.

Сагынчым барат күн сайын күчөп,
Салтанат берчү кучагың күсөп.
Көйкөлгөн көөхар көөдөнүң эңсеп,
Көрсөм деп сени көңүлүм түтөп.

Алкынып сага умтулат кыял,
Ал-жазда жүрчү кыйраткыч кыян.
Айлампа суга чөкпөйүн дейм да,
Араңдан - араң өзүмдү тыям.

Алтыным качан өзүңдү көрөм,
Алкынып качан көзүңдөн өбөм?
Аймалап качан ак мамагың жыттап,
Арманга толгон көз жашым төгөм.

*26.09.07.*





## ӨЧҮРӨЙҮН ӨРТҮМДҮ

Көп күттүрүп келдиң жаным күзүндө,
Көөхар өңдүү нур тамылжып жүзүңдө.
Көксөө күчөп кучагыңа жыгылдым,
Күйүпжанып махабаттын күүсүнө.

Атыр жытың жан дүйнөмдү аралап,
Азоолонтуп бүт тулкума таралат,
Ажарланып "ах" дегениң бир эле,
Абдыратты жүрөгүмдү жаралап.

Секунд сайын сезимдерим чыңалып,
Сеңселемин өзүмдү эстен чыгарып.
Сыбызгыдай добушуңду укканда,
Сызгырылам мээримиңден кыярып.

Көз жашымды жамгыр өңдүү төксөм да,
Кайра-кайра бек кучакиап өпсөм да.
Кумар канбай кучагыңды эңсеймин,
Кайра тартпай капсалаңдуу өрттөндү.

Тамшандырган бейиштеги төр сындуу,
Тиктей берем көз күйгүзгөн көркүңдү.
Төгүп салчы сезимиңди нөшөрдөй,
Каратайын алоолонгон өртүмдү.

*26. 09. 07*

## КҮТҮҮ КҮНДӨЛҮГҮ

«Барам, – дедиң, – октябрдын бешинде,
Баркыт сымал күздүн күнү бешимде.
Балалыктын алтын шаарын аралап,
Бактыбызды майрамдайбыз кечинде».

Бүлүк салып толтосуна жүрөктүн,
Жан дүйнөмдү түп көтөрө дүрбөттүң.
Күнү-түнү жол каратып күттүрүп,
Күйүктүрүп бүткөн боюм түтөттүң.

Дүрбөп жүрүп ажырадым уйкумдан
Дүүлүгөмүн, кудуңдаймын, туйтунамын.
Сезимдерим ээ жаа бербей ээлигип,
Жолугушаар күнгө шашып умтулам.

Көз алдымда турат жаркын элесиң,
Жан дүйнөмдү жалгыз өзүң ээлейсиң.
Сагынычым сайгактатып баратат,
Сары алтыным деги качан келесин.

*26.09.07*





## КАЙРА ТАБЫЛГАН СҮЙҮҮ

Канча жылдар сезимиңди өчүрбөй,
Келбетиңдин сырын кылдай көчүрбөй,
Кандай, кантип сактап келдиң асылым,
Кылым кечкен кыргыздардын күчүндөй.

Узак жылдар баарын чыдап көтөрүп,
Уктурган узун доорду өткөрүп,
Ууз сүйүү сезимдериң сактапсың,
Убай тартып ушаланып, өрттөнүп.

Назик бойдон, таза бойдон калыпсың,
Нарктуу жүзүң көз жашыңа чайыпсың.
Наалыбастан туш болгон бул тагдырга,
Нурлуу сүйүү коңгуроосун кагыпсың.

Дарттарыңды башкалардан жашырып,
Дак болупсуң, кайгы-капаң ашырып.
Дарыяны боз талаалар күткөндөй,
Далай ирет жол карапсың чачылып.

Улуу максат уюп калган сезимде,
Удургутуп улам жакын сезиле.
Учуп келдиң жүрөгүмдү дүрбөтүп,
Уйгу-туйгу болуп жүргөн кезимде.

Зарлуу күндөр унутулуп закымдай,
Залкар күндөр сезилүүдө жакындай.
Зыпылдаган зымырык куш өңдөнүп,
Заман келди биз эңсеген алтындай.

*27.09.07.*

## ЧЫДАЙ АЛБАЙ КАЛГАНДА

Мен үчүн сен болдуң Кааба Мечиттей,
Чыдай албайм шекер сөзүң эшитпей.
Сагынычым батпай калды денеме,
Келчи жаным, кел тезирээк кечикпей.

Көздөрүңө тигилейин суктанып,
Кербезденген келбетиңе жуптанып.
Кыргый болуп көккө шаңшып кетейин,
Мемиреткен мээримиңден шыктанып.

Шаңданайын шаттанайын ачылып,
Мен өзүмдү коротоюн чачылып.
Кандырайын ашып-ташкан кумарым,
Көксөттүргөн моюнуңа асылып.

Келчи жаным, келе көргүн кечикпей,
Куса болдум сыйкыр үнүң эшитпей.
Тыбырчылап кеттим денем чыңалып,
Тынбайт окшойм кийимиңди чечинтпей.

*30.09.07*





## СЕНИН СҮЙҮҮҢ – УРАГАН

Сенин сүйүүң таң каларлык ураган,
Кыйратпастан үзүлгөндү улаган.
Сезимдериң селдей каптап жанымды,
Махабаттын мухитине кулагам.

Мага урунган ураанындын күчүнөн,
Күргүчтөнгөн дарыядай күүсүнөм.
Эңшерилбес эс-акылдан ажырап,
Эргип-эргип ойгономун түшүмөн.

Жан дүйнөмдү бүт өзгөртүп таштадың,
Тамшандырган таттуу жолго баштадың.
Сенин аруу сезимиңден шыктанып,
Кайра күчөп бара жатат таскагым.

Сен күч берип бүркүт өңдүү ша ңшыттың,
Сен дем берип булбул өңдүү таңшыттың.
Удургудум кең мейкинде күлүктөй,
Улам толуп бөксөө тарткан капшытым.

Сен жанымда болсоң мага ырахат,
Кубанычтан шаңдантат ал ыйлайтат.
Сезимдериң чачыратпай сактаган,
Сага жаным миң-миллион ырахмат!

*01.10.07*

## КӨЛ ЖЭЭГИНДЕ

Эки экиден эркек, аял жупташып,
Обон салат жаңы ырларды жатташып.
Анан алар бирин-бири жытташып,
Сайрандашат чалкалашып, чатташып.

Бир заматта сүзүлүшүп көздөрүн,
Бирин-бири сүйүү менен октошот.
Унутушуп аалам турсун, өздөрүн,
Үн жок, сөз жок жалдырашып онтошот...

*01.10.07.*





* * *

Барган сайын чыдамым түгөнүүдө,
Сагынычым күчөдү күндөн-күнгө.
Жолугушсам экен деп самай берем,
Бүткүл оюм сезимим түгөйүмдө.

Мээрим толгон сөздөрүң уккум келет,
Шилекейиң шимирип жуткум келет,
Туйлап турган жүрөгүм ага сунуп,
Качкан кушум кайрадан туткум келет.

Беттеринен аймалап өпкүм келет,
Көөдөнүңө көмүлүп чөккүм келет.
Мээриминен эркелеп жаш баладай,
Көз жашымды көлдөтүп төккүм келет.

Күндөн-күнгө Көл жакка кетким келет,
Күткөнүмө күймөлбөй жетким келет.
Сагынычымды койнуңа төгүп таштап,
Махабаттын деңизин кечким келет.

*16.01.08*

* * *

Эндикчен селки Канышай аттуу,
Эринин мынча таттуудан таттуу.
Эрип бир кеттим коргошун сымал,
Эх, кандай жыргал койнунда жатуу.

Сүйлөсөң жанга жагымдуу сөзүң,
Сыйкыры бардай көйкөлөт көзүң,
Жалт карап койсоң кашыңды кагып,
Жалындап барып жоготтум өзүм.

Чок чачкан өңдүү бетиме бетим,
Онтодум ох деп, элирип кеттим.
Дүрт этип сезим, дүүлүгүп денем,
Сүйүүнүн бир чегине жеттим.

Этиңе этим ширелип жаным,
Күркүрөп күйгөн от болуп жандың.
Эндирей түшүп эсимден танып,
Туткунуң болуп жанында калдым.

*18.01.08*





* * *

Көрккө бөлөп көөдөнүмдү жазданып,
Самаайыңды сылап-сыйпап сазданып.
Сүйгүнчүктүү сүйлөп жаттың сүйүктүүм,
Жагалданым жалт-жалт карап назданып.

Нур чагылтып күлүмсүрөп ууртуң,
Көңүлүмдү көшүлдүрүп уюттуң.
Селдей каптап жан дүйнөмдү сезимиң,
Теңдеши жок жар экениң туюнттуң.

Бир заматта бүткүл денем дүрүлдөп,
Көксөөлөрүм толкундардай түрүлөт.
Аа жамалың элес-була көрүнүп,
Эс тутумуң ар жеринен үзүлөт.

Сен кайрадан сүйлөп жаттың назданып,
Кел бетиңден кереметтүү шам жанып.
Чүңкүп кеттим мээримиңден магдырап,
Эми сенин ак мамыгың жазданып.

*09.02.08*

* * *

Бак ичинде будбул сайрайт буулугуп,
Көөдөнүнөн муңдуу обон куюлуп.
Өпкөлөнөт өрттөнгөнсүп өзөгү,
Кайрыктардан кайгылары туюлуп.

Калган өңдүү түгөйүнөн айрылып,
Капилеттен канатынан кайрылып.
Оргуштаган обон созот онтолоп,
Каңырыгы түтөп-түтөп кайгырып.

Булбул үнү кетти ичимди эңшерип,
Тагдырыма болду ушул куш тең шерик.
Ойлоп жаттым жетпей калган сүйүүмдү,
Куйүп-жанган күндөрүмдү эскерип.

Элестетем сүйгөнүмдүн көздөрүн,
Кайра уккансыйм анын таттуу сөздөрүн.
Дале мений күтүп ыйлап жүргөнсүйт,
Жолун карап короосунан өзгөнүн.

Кичинекей ушул булбул муштумдай,
Рух жандырат өрткө айланган учкундай.
Бир заматта жан  дуйнөмдөн жай алды,
Махабаттын эң бир  бийик Туусундай.

*15. 02. 08.*





* * *

Барган сайын бажырайып ачылып,
Балкытасың жүзүңдөн нур чачылып.
Кумарланган делебемди козгойсуң,
Жамалыңа керемет сыр жашырып.

Көз күйгүзөт көкүрөгүң көрктөнүп,
Оттой ысык зимиң маа өткөрүп.
Кербезденген келбетиңе суктанып,
Туйлап көттим бүткүл денем өрттөнүп.

А сен кайра боло калып олуттуу,
Чүмкөнөсүң кызыл түстүү жоолукту.
Андан бетер ышкым күчөп мен анда,
Самайм сени болсо экен деп колукту.

Бир заматта каректерим тунарып,
Эс-акылым каптап кетти мунарык.
Көз ирмемди түбөлүккө узарт деп,
Мен тагдырга жалдырадым суранып.

Ошол күнү сен башкача ачылып,
Көкөлөттүң көзүңдөн нур чачылып.
Алай-дүлөй бороон болуп жан дүйнөм,
Азоолондум моюнуңа асылып.

*16. 02. 08.*

* * *

Саламат Садыкова ырдап жатты,
Баяндап сүйүп күйгөн жаштык чакты,
Магдырап даңазалап махабатты,
Көйкөлүп көмөкөйдөн жалын чачты.

Кайрыктар көөдөнүнөн ашып-ташып,
Ырчынын мукам үнү кучөп таңшыйт.
Бүт залды багындарып талантына,
Орошон обондору көккө шаңшыйт.

Мен болсом ыр укпастан ойго баттым,
Кайталап Канышайым сенин атың.
Жароокер ак жамалың көзгө элестөп,
Кайрадан козгойт муңдуу жүрөк дартын.

Эстедим сен ырдачу ырларыңды,
Сыздатып коштоп тартчу кыягыңды.
Кызганып, тез таарынып кабак бүркөп,
Кайрадан тез жазылчу кыялыңды.

Элестеп биз жолукчу жомок күндөр,
Эргитет бирге өткөргөн айлуу түндөр.
Сезгентип сезимиме бүлүк салда,
Сеңселип сен чертүүчү дастан күүлөр.

Эскерүү көңүлүмдү буюктуруп,
Жамалың жан дүйнөмдө уютулуп.
Сен ээлеп алдын бүткүл сезимимди,
Концерти Саламаттын унутулуп.

*24. 02. 08.*





* * *

Сыйыртмак салынып сылжыйт мойнумда,
Сыйгалак тагдырым ажал колунда.
Кутулул кетүүгө ныпым арга жок,
Кумсарып турамын өлүм жолунда.

Сотторум акыркы сөзуң айт деди,
Соксойбой сүйүүңдөн кайра кайт деди.
Түшүңдө көрбөгөн байлык аласың,
Ачылат Интернет-тордо сайт деди.

Уңгулуу ушул сөз мени муютту,
Жашоонун маңызын ачып туюнтту,
"Казалын уккула, - дедим, - акындын,
Аламын андан соң ошол "курутту"

Баш тартып соттордун берген сөзүнөн,
Баш тартып сунулган кымкап, бөзүнөн.
Сүйгөнүм, өзүңдү даңктап ыр окуп,
От-жалын чачырап жатты көзүмөн.

Сыйыртмак салынын сылжыйт мойнумда,
Сыйгалак тагдырым ажал колунда.
Сынбадым чөгөлөп сурап жансоога,
Сымбатым, ой-санаам турду койнунда

*26. 02. 08.*

* * *

Көңүл чөгүп илхам көлбей жатканда,
Мен үчүн күн күпкүндүзү батканда.
Көмөкөйүм капалыкка көмүлүп,
Көздөн жашым көл-шал болуп акканда.

Жабалактап кыян өңдүү кусалык,
Жабыркатып жан дүйнөмө уу салып.
Жылоолонуп ойдологон күлүктөй,
Жылалбастан турган элем тушалып.

Күтүүсүздөн Канышайым келдиң да,
Күйүп-бышып бүт мээримиң бердиң да.
Көз ирмемде мени көккө көтөрүп,
Көлкүлдөгөн кусалыкты жеңдиң да.

Канат бердиң кайкып-кайкып учкун деп,
Каадаланган илхам кушун туткун деп.
Азоолонгон аргымактай шык бердиң,
Аалам кезип ыр байгесин уткун деп.

Ошол замат бүркөлгөн күн ачылып,
Оболотту кусалыкты качырып.
Кучагыма кыстым сени, алтыным,
Кубанчыма жетине албай чачылып,

*08. 03. 08.*





* * *

Учурамын сен тарапка кушумду,
Улуулаткан сүйүүбүздү Туу сындуу.
Тосуп алгын толкуган Көл жээгинен,
Томсортпостон толук ачып уучуңду.

Кушум менен саламымды жибердим,
Көктөм көркүн, жашыл жаздын илебин
Кошо кетти жүрөгүмдүн жалыны,
Кошмоктолуп арзуу сезим, тилөгим.

Айта бар ал кушума тапшырдым,
Алпештеген сырларымды жашырын.
Табыштадым тамшандырган сүйүүмдү,
Тандап алып сөздөрдүн эң асылын.

Сага болгон сагынчым бар саргарган,
Сага умтулуп шаңшып учуп шаңданган.
Узүлбөгөн үмүтүмдү күчөтүп,
Устүбүздөн кут жаадырып шам жанган.

Тосуп алгын кусаланган кушумду,
Толуп-ташкан сүйүүбүзгө Туу сындуу.
Токтотпостон жакшы кабар айттырып,
Толтура көр кайра менин уучумду.

*09. 03. 08.*

* * *

Чыныгы атың ачык айталбаймын,
Сыздаткан сырымды түк ачалбаймын.
Курандын сүрөсүндөй ыйык ысмың,
Кастарлап көңүлүмдө кайталаймын.

Кантмекмин,биздин сүйүү жашырын да,
Дайранын түпкүрдөгү ташкынындай.
Сен деген сексен кабат сезимдерим,
Жашынып жашай берет жакшы ырымда.

Бут сырым дептериме түшүрөмүн,
Жазылат сенсиз зарлап чүнчүгөнүм.
Жаңырган жаздын демин сезе албастан,
Жайында кыш өңдөнүп үшүгөнүм.

Көктөмдөй көркке толгон көкүрөгүң,
Көрө албай көксөгөндө өксүгөнүм.
Көп күндөр кыялымда сени күтүп,
Көөлөнгөн чырагымды өчүргөнүм.

?ңдөнөм жалгыз калган тоонун кушу,
Тагдырдын мага жазган жолубу ушу?
А бирок үмүт оту күйүп туратг
Болобу же кайрадан жолугушуу?

*11. 03. 08.*





* * *

Оо Кудай ай, өңүмбү же түшүмбү,
Бул бактымды кыйын болду түшүнүү.
Канышыма жолуктурган кайрадан,
Сенин айкөл, касиеттуу күчүңбү?

Оо Канышай, сагындырып саргарткан,
Чөлдө жүргөн Мажнун өңдүү чаңкаткан,
Жомок болду сенин мында келишиң,
Жан дүйнөмдү дүрбөттүрүп чаңдаткан.

Келчи алтыным, кучагыма кысайын,
Аңсаттырган атыр жытың жыттайын.
Беттериңден, көздөрүңдөн өпкүлөп,
Жүрөгүңдүн күүсүн жыргап тыңшайын.

Ташкындаган сагынчымды чачайын,
Алоолонгон арзуу өртүн басайын.
Өзүң көрүп сезимимди баалап ал,
Жүрөгүмдү жылаңачтап ачайын.

*17. 03. 08.*

*   *   *

Ушунчалык улуу беле жалының,
Чагылгандай чачыраттың жарыгың.
Кез ирмемде бүткүл денем алоолоп,
Жүрөгүмдө сүйүү болуп жагылдың.

Каш кактың да мейман күтчү төрку үйдө,
?зөгүмдү өрттөп койдуң өртүңө.
Жаңы ачылган жазгы гүлдөй жадырап,
Жан дүйнөмду багындырдың. көркүңө.

Ак жүзүңө каректериң жарашып,
Дилим козгойт жапан ойлор жаратып.
Кадыркечим, кербезденген келбетиң,
Суктандырат кайра-кайра каратып.

Жанагыдай жайнап турсун ырайың,
Жагалданып мен да кошо куунайын
Макул деген жалгыз гана сөзүңө,
Жүрөгүмдү суурүп сага сунайын.

Ушунчалык улуу беле жалының,
Чагылгандай чачыраттың жарыгың.
Көз ирмемде бүткүл денем алоолоп,
Жүрөгүмдө сүйүү болуп жагылдың,

*25. 03. 08.*





*   *   *

Жүрөгүм сенде калып өзүм мында,
Жалгыздык жалдыратып жанга батты.
Сенсиз мен бүтүн эмес, жарыммын да,
Түндөрү көз ирмелбей таңдар атты.

Сайгактап сагынычым кайра күчөп,
Салкын төр айылыңа кайткым келет.
Жалбырттап сезимдерим сени күсөп,
Жалбарып жаркын сөздөр айткым келет.

Суктанып суусаттырган жамалыңа,
Өзүмдү жалыныңа жаксам деймин,
Бой уруп махабаттын ааламына,
Сезимим кумар толгон чачсам деймин,

Удургуп кайра барам турагыңа,
Сен болдуң сүйүү туусу, урааным да.
Өткөндө жүрөгүмдү таштап кеткем,
Кабыл ал, эми өзүмдү сунамын да.

Жүрөгүм сенде калып өзүм мында,
Жалгыздык жалдыратып жанга батты.
Сенсиз мен бүтүн эмес, жарыммын да,
Түндөрү көз ирмелбей таңдар атты.

*27.07.08.*

* * *

Сагындьм дедиң жаным телефондон,
Үнүңдөн сездим сезим куса толгон.
Жапжалгыз ошол сөзуң кереметтүү,
Күттүргөн куштай болду колго конгон.

Бүткөндөй көз ирмемде учкул канат,
Көңүлүм көкөлөдү ошол замат.
Көгултүр Көл тарапка кеттим учуп,
Алтыным алыстагы сени самап.

Баратам Көл жээгине, түнөгүңө,
"Сагындым сени" дөген чүрөгумө.
Удургуп умтуламын тез жетсем деп,
Сагынчым толуп-ташып жүрөгүмө.

Сен бүгүн сездиң бекен учарымды,
Ак сүйүү белгиси деп Туу сайдыңбы?
Алкынып таң атарда жетип барам,
Алтыным ачып тургун кучагыңды!

*27. 06. 08.*





* * *

Алыстан ажарланып кучак жайып,
Жузуңду кубанычтын нуру чайып,
Утурлап келе жатсаң көл жээгинде,
Умтулдум учуп-куйүп оттой жанып.

Жеттим да кучагыма бекем кыстым,
Өкулөп беттериңден, искеп жытың.
Көксөткөн көкүрөгуң аймаладым,
Көкөлөп сени эңсеген буткул ышкым.

Денебиз денебизге кыналышып,
Чырмооктой бир бирине чырмалышып,
Кумарын сагынычтын жазып жатты,
Дирилдеп кан тамырлар чыналышып.

Оргуштап сайран курдук ооналактап,
Оттуктун көк шиберин куунак таптап,
Суйуунун деңизине чумуп кеттик.
Жан дилди алоолонгон сезим каптап.

*01. 07. 08.*

*   *   *

Ысык-Көл десе сени түшүнөмүн,
Армандуу жылдарды эске түшүрөмүн.
Биз жетпей калган сүйүү өзөктү өрттөп,
Өкүнүп өмүр бою үшкүрөмүн.

Мен сени көл боюнан тапкан элем,
Сүйүүнүн отун улуу жакан элем.
Кош колдоп жүрөгүмдү сага сунуп,
Колуңа күмүш шакек таккан элем.

Күнү-түн сен оюмдан чыкпайт элең,
Сен берген кол жоолугуң жыттайт элем.
Түшүмдө Канышымды көрөйүн деп,
Атыңды миң кайталап  уктайт элем.

А Бирок талкаланып үмүттөрүм,
Марага жетпей  калды күлүктөрүм.
Колумдан ак чардагым  алдырдым да,
Көлүнө чөгүп кеттим күйүттөрдүн.

Көл кайра кызын менден тартып алды,
Кол жетпес конулуна катып алды.
Ал бирок сенин эркиң сурабастан,
Аккуудай сүйүүбүздү атып алды.





Ошондон Көлүң мага тозок болгон,
Өрттөөчү жан дилимди очок болгон.
Атылган махабатым жоктой турган,
Арманым айтып, бүткүс кошок болгон.

Ысык-Көл десе сени түшүнөмүн,
Армандуу жылдарды эске түшүрөмүн.
Биз жетпей калган сүйүү өзөктү өрттөп,
Өкүнүп өмүр бою үшкүрөмүн.

*02.07.08.*

* * *

Сен – сөз жөтпес сулуу болсоң Көлдөгү,
Кербезденип көзгө илбеген өңгөнү.
Мен – акынмын сага жетпей зарлаган,
Мажнун өңдуу суйуу издеген чөлдөгү.

Сага арнаймын жазган ар бир ырымды,
Сен деп жүрүп жаш агызган ыйымды.
Атагыңды чыгарамын ааламга,
Аралай чаап кылымдардан кылымды.

Сүрөттөймүн нур тамызган жүзүңдү,
Көздөрүңдү куйкалаган жүлүндү.
Суусаттырган жамалыңа суктанып,
Сунам сага сүттөй таза сүйүүмдү.

Күнү-түнү сени даңктап ырдаймын,
Күсөө толгон сөз берметин кынаймын.
Машакаттуу махабатка умтулуп,
Макулдугуң алмайынча тынбаймын.

*03. 07. 08.*





* * *

Биз жолукчу жалгыз өрүк гүлдөптүр,
Жаңы келген келинге окшоп жасанып.
Жагалданып жан дүйнөмдү дүрбөттү,
Кеткенсидим ошол замат жашарып.

Ушул өрүк жолугушсак калкандай,
Экөөбүздү кучагына катчу эле,
Жазда, күздө жамгырлардан калкалай,
Жалбырактан жабууларын жапчу эле.

Ушул өрүк саясында сайрандап,
Алааматтуу күндөр, түндөр, өткөрдүк.
Антыбызды салтанаттуу кайталап,
Махабаттын лаззатынан өрттөндүк.

Жалгыз өрүк гүлдөп-жайнап өтүмдүү,
Баягыдай сулуу бойдон жаш бойдон.
Элестетет ак көйнөкчөн өзүңдү,
Элестетет мени көкүл чач койгон.

Бирок эми мурдагыдай майрам жок,
Биз экөөбүз калдык азыр баралбай,
Кайран өрүк жалгызсырайт сайран жок,
Сезет өзүн унутулган аралдай

*04.07.08.*

* * *

Көл мени кучак жайып тосуп алды,
Чоочун ден чогоолдонуп чочубады.
Толкундар тээ алыстан чуркап келип,
Томсортпой катарына кошуп алды.

Мен дагы тогуз балдуу толкун болуп,
Ээликкеи нар сыяктуу күчкө толуп,
Удургуп Көл жээгинен сени издедим,
Күңгөйдөн Тескей жакка көчүп, конуп.

Акыры алдан тайып чөгөөрүмдө,
Ааламын балыктардын көрөрүмдү.
Сен келдиң пери өңдөнүп күтүүсүздөн,
Умуттүн акыркы оту өчөөрүндө.

Жарк этип жагалданып күлүп турдуң,
Жалбыртып жалын чачып күйүп турдуң.
Суйкайып суктандырып сулуулугуң,
Сан жылкы сагынчыңды үйүп туруп.

Кайрадан бүркүт болуп шаңшып кеттим,
Буулуккан булбул болуп таңшып кеттим.
Бек кысып жаным сени кучагыма,
Өрттөнгөн көл жээгинде жалын кечтим...

*06. 07. 08.*





* * *

Ах, Ысык-Көл, сен кандай бактылуусуң,
Арчындаган ааламдын тартылуусуң.
Сулуулардын сулуусу сенде жашайт,
Сыймыктанып даңктоого акылуусуң.

Ал - Канышай жамалы жарык чачкан,
Көргөндөрдүн көөнүнө жалын жаккан.
Көркү менен Көл жээгине шаңга бөлөп,
Көктү көксөп кекөлөп канат каккан.

Канчалардын жүрөгүн жаралаган,
Кайрып салып бирин да жандабаган,
Сүрүлүшүп жүрүшкөн кайрандарды,
Сөз айтпастан баш чайкап араалаган.

Жалгыз мага кол сунуп тумар болду,
Жазылбаган түбөлүк кумар болду.
Жүрөгүмдүн төрүнөн орун алып,
Аруу сүйүү ачкычы жубар болду.

Ах,Канышай Ысык-Көл чүрөгүсүң,
Ак сүйүүнүн акактай түнөгүсүң.
Ажарданып жанымда түбөлүк бол,
Акыныңдын алкынган жүрөгүсүң.

*07. 07. 08,*

* * *

Сенин сүйүүң дарыядай шар аккан,
Удургуйт ал учкул куштай канатчан.
Көз ирмемде каптап кетип сел өңдүү,
Тамшанттырган таттуу сезим жараткан.

Күтүүсүздөн учуп келип урундуң,
Тайфунундай түндүк, түштүк уюлдун.
Жайбаракат жан дүйнөмө чаң салып,
Жарык чачкан жалын болуп туюлдуң.

Сенин сүйүүң улам күчөп күркүрөп,
Сезимдериң толуп-ташып бүркүлөт.
Тосмолордун бирин койбой кыйратып,
Барган сайын күргүштөнөт күчтүүрөк

Сенин сүйүүң шамал менен жарышып,
Таңшыгандай Күкүк, Зейнеп табышып.
Дарыядай ташкындаган жазында,
Толкуп келип кеттиң мени агызып.

*14.09.08*





* * *

Сагыныч жан дүйнөмдөн ашып-ташып,
Туралбай калдым такыр сага шашып.
Жалгыздык азабына чыдай албай,
Жүрөгүм сен тарапка кетти качып.

Эңсеймин сүйүү толгон көздөрүңдү,
Жүрөктү дүрт этирген сөздөрүңдү.
Сагыныч бүт сезимим ээлеп алып,
Өзгөртүп өрттөп барат өзөгүмдү.

Бир мүнөт турбай Көлгө жетсем деймин,
Ийилип сага таазим этсем деймин.
Жыгылып жыпар жытуу кучагыңа,
Жалынын жүрөгүңдүн сезсем дейм.

Өпкүлөп беттериңден, көздөрүңдөн,
Өпкүлөп өнтөлөткөн көөдөнүңдөн,
Жаныңдан такыр жылбай жүргүм келет,
Жылт коюп Ысык-Көлгө Өзгөнүмдөн.

Көркүңдөн көз айырбай суктанайын,
Дүрүлдөп жалыныңдан тутанайын.
Ширелтип жүрөгүмдү жүрөгүңө,
Өзүмдү кусалыктан куткарайын.

Көгүлтүр Көл кылаасы – алды жагым,
Жетсем деп көкүрөктө күйөт жалын.
Күүлөнүп күлүк сымал күйүп-бышып,
Баратам сага умтулуп, тосуп алгын!

*16.09.08*

*   *   *

Нирвана – буддистердин ишеними боюнча,
адамдын бул жашоонун бардык түйшүктөрүнөн
алаксып, жан-дили жыргалдын
эң бийик чокусуна
жетип, магдырап турган учуру.

Бут сезимим сага арналып бир гана,
Сени ойлосом жүзүм жаркыйт нурдана.
Унуттуруп өйдө-ылдыйын жашооңун,
Жан дүйнөмдү ээлеп алат нирвана

Ай – ааламдан жалгыз сени көрөмүн,
Жалгыз сендер өрткө айланатт өзөгүм.
Сүйүүбүздүн сыйкырына чулганып,
Жан жыркаткан мээримине чөгөмүн.

Мени таштап жымылдаткан жылуулук,
Магдыраймын магма сымал суюлуп.
Көшүп кетем жаткан өңдүү жанында,
Сенин назик сезимдериң туюлуп.

Сен келесиң анан жаным түшүмдө,
Кумар толуп турган кезде күчүмдө,
Билинбестен биригишет дененбиз,
Кулак төшөп махабаттын күүсүнө





Кетет кайра көзүм «пар-р» деп ачылып,
Нирвананы жан дүйнөмдөн качырып.
Көрөмүн да жалгыз жаткан өзүмдү,
Кала берем чабалактап чачылып....

*21.09.08*

* * *

Бир кезекте кетирип кемчилик, кемчилик,
Биз кайрадан табыштык кечилип, кечигип.
Кайра күйүп жалындап сүйүүбүз, сүйүүбүз,
Бирибизди бирибиз кечирдик, кечирдик.

Ал сүйүүбүз алыстап өчпөптүр, өчпөптүр,
Аруу сезим башкага көчпөптүр, көчпөптүр.
Түпкүрүндө жүрөктүн сакталып, сакталып.
Көчөтүндөй арчанын көктөптүр, көктөптүр.

Тутанып ал учкундан өрт болду, өрт болду,
Ашуу ашкан өмүргө көрк болду, көрк болду.
Көрүшпөсөк жарым күн, сагынып, сагынып,
Көздөрүбүз көксөөдөн төрт болду, төрт болду.

Жүрчү жаным шаттанып басалы, басалы,
Кусалыгын көңүлдүн жазалы, жазалы.
Ачып таштап жүрөктү, сага деп мага деп,
Сүйүүбүздүн жалынын чачалы, чачалы.

Бир кезекте кетирип кемчилик, кемчилик,
Биз кайрадан табыштык кечигип, кечигип.
Кайра күйүп жалындап сүйүүбүз, сүйүүбүз.
Бирибизди бирибиз кечирип, кечирип.

*24. 09. 08*





* * *

Кусалык курчап алды кайра тооруп,
Кайрадан сени күсөп калдым ооруп.
Кучакка бекем кысып өпкүм келет,
Бетиңден, эриниңден соруп, соруп.

Сагындым добушуңду муңайыңкы,
Тамшанткан таттуу үнүң угайынчы.
Туйлаткан туйгуларым төгүп таштап,
Бүгүн бир кумар жазып куунайынчы.

Мончоктуу мойнуңа асылайын,
Моокумум канбай такыр чачылайын.
Бүлөөлөп сезимимди сезимиме,
Бүгүн мен бир башкача ачылайын.

Түн бою элестетип элесиңди,
Жыйалбай койдум такыр мен эсимди.
Саргарып сагынычтан күйүп бүттүм,
Алтыным, жолугалы, келесиңби?!

*28.09.08.*

## ӨРТТӨНҮҮ

Өрт жалындап күйүп бүттү карагай,
Жамгыр төгүп турганына карабай.
Көк тиреген дарак гүлгө айланып,
Көк түтүнү турду көпкө карабай.

Боз адырда гүлдөр өчүп өңдөрү,
Жамгыр күтүп чачырашат көздөрү.
Бир аптада куурап калды кургурлар,
Чөптөргө окшоп какыраган чөлдөгү.

Мен да күйүп бүтөт окшойм чамасы,
Такыр соолуп көздөрүмдүн чарасы.
Күсөө менен күтө берип күнүгө.
Күчөп барат жүрөгүмдүн жарасы.

Күтө берип гүлдөр өңдүү жайкалган,
Жамгыры жок боз адырда чаңкаган.
Бул махабат куурап калса не болот,
Наристедей эмчек эмген чарчаган.

Не кылмаксың калган бир уучу күлүмдү,
Не кылмаксың эрте соолгон гүлүмдү.
Зарыктырган бул махабат не керек,
Угулбасаң шаңшыган шар үнүмдү.

Дале, дале көз алдымда элесиң,
Токтото албайм жан дүйнөмдүн делбээсин.
Ишенемин күндөрдүн бир күнүндө,
Сен баары бир кучак жайып келесиң.

*17.01.05*





* * *

Чакырчы мени дагы көл жээгине,
Чалкыган чар тарабы төл жериңе.
Чүнчүткөн сарсанааны жылас кылып,
Чүмкүйүн ак сүйүүнүн тереңине.

Жайнаган жамалыңа суктанайын,
Жазылсын куйкалаган кусаларым.
Жаннаттай жан жыргаткан кучагыңда,
Жалбырттап жалыныңдан тутанайын.

Чакырчы кайра дагы, чакыр, жаным,
Чабыттап Көл кылаасын чачылайын.
Чагылтып сагынчымды кыян өңдүү,
Чаңкаткан бетиңден өөп асылайын.

Аймалап атыр жыттуу ак тамагың,
Азынап шаңга батып шаттанайын.
Чакырчы делебемди делөөрүтүп,
Чамынып Көлдү көздөй аттанайын.

*04. 10. 08*

*  *  *

Басып жүрөм балалыктын шаарында,
Сен экөөбүз сейилдечү жагында.
Эске түшүп күтүрөгөн ал күндөр,
Реакция жүрүп кетти канымда.

О, анда сен балатыдай жаш элең.
Кыштын күнү жанды эриткен жаз элең.
Сыйкыры бар жамалыңа арбалып,
Мен эсимди жыя албастан мас элем.

Күндө күтүп сенин өтөр жолуңда,
Кызыл-тазыл гүлдөр аңкып колумда.
Бек кучактап бетиңден бир өпсөм деп,
Тентек кыял турчу дайым оюмда.

Жолугушуп бак аралап басчубуз,
Жобурашып жүрөк сырын аччубуз.
Боорго кысып бирибизди бирибиз,
Сүйүүбүздүн кызыгына батчубуз.

О, ал күндөр бүгүнкүдөй эсимде,
Жүрөктү өрттөп чач агарган кезимде.
Кайра-кайра жаным сени эңседим,
Куса болуп октябрдын кечинде...

*21. 10. 08*





*  *  *

Күн күркүрөп, чартылдады чагылган,
Күпкүндүзү миң сан оттор жагылган.
Көздөрүмдөн чачырашып учкундар,
Көчкү жүрдү бомбалардан жарылган.

Алай-дүлөй жан дүйнөмдө жана да,
Астын-үстүн болуп кетти замана.
Көчкүлөрдүн кыйроосунан жайында,
Көчүп жүрөм кыш унаасы чанада.

Жок, жок, жаным, эч бир кырсык болгон жок,
Жоболондон Ысык-Көл да тоңгон жок.
Талкаланган талаалардан тарп издеп,
Тарбаландап таскаралар конгон жок.

Кыйраган – мен, сезимиңдин күчүнөн,
Кыяк сымал кыялыңдын күүсүнөн.
Кыйраткыч – сен сүйүү селин каптатып,
Кыян кылып сел агызып үрпүндөн.

Сенин сүйүүң сегиз балдуу ураган,
Сезимиңден сендиректеп урагам.
Калтаарытып акыл-эстен тандырган,
Кайталап кой чабуулуңду, суранам.

*05. 07. 09*

## ТҮЗҮМҮ


АЛТЫН БУЛАК ЖЫЛУУ-СУУ ....................
АЛА-ТОО АЛТЫН МЕКЕНИМ .................... 3
ЖАРАДАР ЖҮРӨКТӨР АЙЫКСЫН .................... 4
ОТТУУ КУРАК .................... 5
СЕН БОЛДУҢ МЕНИН КУЙУТУМ .................... 6
«Күтүүсүздөн тийген өңдүү чагылган» .................... 7
«Сан жылдарда сагынычым үйүлгөн» .................... 8
«Сахнада вальс жаңырды, Свиридов» .................... 9
«Күргүштөнгөн жаштыктын жылдарында» .................... 10
КЫРГЫЗМДЫН ЖООКЕРЛЕРИ .................... 11
«Угуп турчу жүрөгүмдүн какканын» .................... 12
ЖАҢЫ ЖЫЛДЫК ТИЛЕК .................... 13
НИКЕЛЕП АЛЫП КЕТЕМИН .................... 14
«Мээримиңди төгүп таштап нөшөрдөй» .................... 15
ЖЕЛ КАЙЫК .................... 16
ЖАЛГЫЗБОЙ БОЙДОН КАЛБАГЫН .................... 17
ТОЛКУНДАРДЫН КЕРБЕНИ .................... 18
ЖАРАЛАНГАН ЖҮРӨК .................... 19
.................... 20
«Ошол күндөр болду мага жомоктой» .................... 21
«Күнү-түнү эси-дартым Көлүңдө» .................... 22
«Сен жөнүндө ойлош кандай ыракат» .................... 23
«Көздөн учат көктөм сымал саамайың» .................... 24
«Көздөн учат көктөм сымал саамайың» .................... 25
«Көл дегенде Канышайды түшүнөм» .................... 26
«Кычыраган кыйык кыштын кечинде» .................... 27
«Мен сүйбөсөм ыр жазалбай каламын» .................... 28
«Уйкунун босогосун чабал аттап» .................... 29
«Билсем да жаным мени сүйөрүңдү» .................... 30
ТАГДЫР МЕНЕН ТАЙМАШУУ .................... 31
«Эс-акылым билбей чылгый мас болдум» .................... 32
КАЙТСАҢЧЫ ЖАШТЫК КАЙРАДАН .................... 33
ЫСЫК-КӨЛ БОРООН БОЛГОНДО .................... 34
«Кумарлантып сыйкыры бар кучагың» .................... 35





«Көйкөлүп көрүнүшүң ак кайыңдай» .................... 36
«Көз алдымдан кетпей такыр элесиң» .................... 37
«Тамылчыган нур тамызып жүзүңдөн» .................... 38
«Түшүмдө сен атлес көйнөк кийинип» .................... 39
«Сенин сүйүүң жапжаш бойдон арчадай» .................... 40
«Бир кезде бирге окуган уялашым» .................... 41
«Кудайлап эптеп чыдап үч уктасам» .................... 42
ЭНЕЛЕР АРТЫК ААЛАМДАН .................... 43
СУЛТАН МЕНЕН КАНЫШАЙДЫН СҮЙҮҮСҮ .................... 44
УДУРГУГАН ТОЛКУНДАР ....................
ЖОЛУГУШУУ КУМАРЫ .................... 46
«Эчен күндөр эс алсам да Көлүңдө» .................... 47
СӨЗ ЗЕРГЕРИ .................... 48
СООДАГЕРЛЕР ГИМНИ .................... 50
САГЫНЫЧ .................... 51
ӨЧҮРӨЙҮН ӨРТҮМДҮ .................... 52
КҮТҮҮ КҮНДӨЛҮГҮ .................... 53
КАЙРА ТАБЫЛГАН СҮЙҮҮ .................... 54
ЧЫДАЙ АЛБАЙ КАЛГАНДА .................... 55
СЕНИН СҮЙҮҮҢ – УРАГАН .................... 56
КӨЛ ЖЭЭГИНДЕ .................... 57
«Барган сайын чыдамым түгөнүүдө» .................... 58
«Эндикчен селки Канышай аттуу» .................... 59
«Көрккө бөлөп көөдөнүмдү жазданып» .................... 60
«Көңүл чөгүп илхам көлбей жатканда» .................... 61
«Учурамын сен тарапка кушумду» .................... 66
«Чыныгы атың ачык айталбаймын» .................... 67
«Оо Кудай ай, өңүмбү же түшүмбү» .................... 68
«Ушунчалык улуу беле жалының» .................... 69
«Жүрөгүм сенде калып өзүм мында» .................... 70
«Сагындым дедиң жаным телефондон» .................... 71
«Ысык-Көл десе сени түшүнөмүн» .................... 72
«Сен – сөз жетпес сулуу болсоң Көлдөгү» .................... 74
«Биз жолукчу жалгыз өрүк гүлдөптүр» .................... 76
«Көл мени кучак жайып тосуп алды» .................... 77
«Ах, Ысык-Көл, сен кандай бактылуусуң» .................... 78
.................... 79

«Сенин сүйүүң дарыядай шар аккан» ........................ 80
«Сагыныч жан дүйнөмдөн ашып-ташып» .................... 81
«Бир кезекте кетирип кемчилик, кемчилик» .............. 84
ӨРТТӨНҮҮ ................................................................ 86
«Чакырчы мени дагы көл жээгине» ......................... 87
«Басып жүрөм балалыктын шаарында» ..................... 88
«Күн күркүрөп, чартылдады чагылган» ..................... 89

*Көркөм-адабий басылма*

**Абдирашит Урбаев**

# Ысык-Көл кайрыктары

***Ырлар***

Автордук редакцияда

Компьютердик калыпка салган *Табылды Жаңызаков*
Мукабаны жасалгалаган *Мырзабек Кадыров*

Форматы 84 x 108 $^{1}/_{16}$. Көлөмү 5,75 б. т.
Заказ № 386. Нускасы 500 даана.

«Бийиктик» басмасы,
720000, Бишкек ш., Киев көчөсү, 77,
тел.: 66-17-25, 62-02-11.

